**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК- КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ЫСЫК- КӨЛ РАЙОНУ**

**ЖУСУП АБДРАХМАНОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**ЖУСУП АБДРАХМАНОВСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

---

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы, Ысык-Көл району Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын Айылдык Кеңешинин 28 - чакырылышынын кезектеги 1- сессиясы

# ТОКТОМ

21.02.2024ж. № 28/1-3 Ананьево а.

**"Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын айылдык кеңеши"**
мекемесин түзүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы ПЖ No370 Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө жарлыгы, Кыргыз Республикасынын региондорундагы айылдык кеңештердин ишин уюштуруу жөнүндө» Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы No177 «Айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө» токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө», «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» мыйзамдарын жана Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө Жобону ж.б. тиешелүү мыйзам актыларын жетекчиликке алып, Ананьево айыл аймагынын айылдык кеңеши **ТОКТОМ КЫЛАТ**:

1. Ананьево айыл аймагы (Ананьево, Көк-Дөбө, Чет-Байсоорун айылдары), Ж.Абдрахманов айыл аймагы (Жаркынбаев, Кароол –Дөбө айылдары) жана Өрүктү айыл аймагы (Өрүктү, Чоң – Өрүктү, Орто-Өрүктү айылдары), жалпы айыл аймактарынын айылдык кеңештерин бириктирүү жолу менен **"Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын айылдык кеңеши"** болуп кайра түзүлсүн.